*Бишкек шаары Ленин району*
*№82 жалпы билим берүү орто мектеби*

# Математика сабагы

# Тамганы камтыган туюнтмаларга карата мисал,маселе иштөө




Мугалим: Бекташова Сыргажан Акматалиевна

Сканировано с CamScanner

Математика сабагы

Өтүлгөн күнү: 11-ноябрь

Классы: 2- з класс

Сабактын темасы: Тамганы камтыган туюнтмага карата мисал, маселе иштөө

Сабактын максаты:

| | |
|---|---|
| Билим берүүчүлүк:<br>Тамганы камтыган туюнтмаларды туура айтуу менен мисал, маселелерди өз алдынча иштөөгө көнүгүшөт. | Көрсөткүчтөр:<br>Тамганы камтыган туюнтмаларды туура табышса, мисал, маселелерди өз алдынча иштөөгө көнүгүшсө |
| Өнүктүрүүчүлүк:<br>Эске тутуу жөндөмдүүлүгү, ой-жүгүртүүсү, тапкычтыгы өнүгөт. Сулуу, таза, элементи менен жазууга үйрөнүшөт. | Эске тутуу жөндөмдүүлүгү, ой-жүгүртүүсү, тапкычтыгы өнүксө. Сулуу, таза , элементи менен жазууга үйрөнүшсө. |
| Тарбиялык:<br>Тазалыкка, тыкандыкка, бири-бири менен математикалык мисалдарды ынтымактуу иштөөгө тарбияланышат. | Тазалыкка, тыкандыкка, бири-бири менен ынтымактуу болууга тарбияланышса. |

Негизги компетенттүүлүктөр:

Маалыматтык:

Социалдык коммуникативдик:

Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү:

Сканировано с CamScanner

Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

Сабактын формасы: Аралыктан окутуу

Колдонулуучу ыкмалар: Түшүндүрүү, суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк

Керектелүүчү каражаттар: ноутбук, телефон, сүрөттөр, окуу китеби

Предмет аралык байланыш: Сүрөт, музыка

| Сабактын этабы | Убакыт | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| 1.Шыктандыруу | 1мин<br><br>2мин | Уюштуруу<br>Саламдашуу<br>Дайым даяр сабагым,<br>Дайым ачык кабагым.<br>Амандыкта жүргүлө,<br>Саламатсыңарбы балдарым!<br>Балдар окуу куралдарыңарды даярдадыңарбы?<br>Окуу китебиңерден 78-бетти ачкыла.<br><br>Алтын эреже:<br>•Оюбузду топтоп сабакка көңүл бурабыз.<br>•Онлайн сабакка активдүү катышабыз.<br>•Убакытты туура пайдаланабыз.<br>•Тапшырмаларды өз убагында аткарабыз.<br>•Сабак учурунда тартипти сактайбыз. | -Саламдашат<br>-сабакка даярданат<br>-жагымдуу маанай түзүшөт.<br>Китеп, дептер, ручкаларын алышат. | |

Сканировано с CamScanner

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>1.Тамганы камтыган туюнтма деп эмнени айтабыз?<br>2.Алмурут алмага караганда оор бирок апелсинге караганда жеңил, алма шабдалыга караганда оор, ал эми апельсин ананаска караганда жеңил. Баарынан жеңил кайсы мөмө-жемиш. Кайсы мөмө-жемиш оор. Кана балдар ойлонобуз. Туура шабдалы баарынан жеңил, ананас баарынан оор. Балдар жемиштерде витаминдер көп ошондуктан бул жемиштерден көп-көптөн жеп ден соолукта болгула.</td>
<td>Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет. Эгер жооп туура болбой калса калган окуучулар тактайт, толуктайт.</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>2-этап Жаңы теманы түшүндүрүү</td>
<td>10мин</td>
<td>Сабактын темасын жана максатын айтып түшүндүрөт.<br><br>Мисалдарды иштеп жыйынтык чыгарууга балдарга багыт берет.</td>
<td>Окуучулар сабактын темасын угат, түшүнөт.<br><br>Мисалдарды иштеп жыйынтык чыгара алат. Өз оюн эркин билдиришет.</td>
<td>Диагностикалык баалоо</td>
</tr>
<tr>
<td>4-этап<br>Мисал, маселе иштөө</td>
<td>20 мин</td>
<td>Мугалим ар бир мисалдын чыгаруу жолдорун түшүндүрүп берет. Суроо-жооп иретинде жүргүзүлгөн аңгемеден кийин окуучуларга төмөнкүдөй тапшырмалар берилет. №1-2-3-4-5-6-мисалдарды чыгаруу үчүн сунушталат.<br><br>№1-иш<br>
<table>
<tr><td>d</td><td>6</td><td>7</td><td>8</td><td>9</td><td>10</td></tr>
<tr><td>d-5</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>d+10</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>
<br>№2-иш</td>
<td>Окуучулар жаңы темадагы тематикалык сөздөрдүн маанисин түшүнүү менен берилген тапшырма боюнча биргелешип иштешет. Аткарган иштерин түшүндүрүп беришет.<br><br>№1-иш<br>
<table>
<tr><td>d</td><td>6</td><td>7</td><td>8</td><td>9</td><td>10</td></tr>
</table>
</td>
<td>Калыптандыруучу баалоо</td>
</tr>
</table>

Сканировано с CamScanner

а менен 8дин суммасын жана айырмасын жаз. Алардын маанисин тап.

а=12, а=20, а=32, а=48;

№3-иш Оозеки түшүндүрүү иенен эсептөө.

42+8= 89+4=

50-7= 73-5=

№4-иш

23+7= 77+8= 29+0=

20-5= 19+6= 0+0=

66+4= 83-9= 17-17=

9+9+9=

8+8+8+8=

7+7+7+7+7=

№5-иш

Ыңгайлуу болгон жерден кошулуучулардын ордун, же болбосо катар келген кошулуучуларды алардын суммасы

| d-5 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| d+10 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |

№2-иш

12-8=4 32-8=24

12+8=20 32+8=40

20-8=12 48-8=40

20+8=28 48+8=56

№3-иш

42+8=50
89+4=90+3=93

50-7=43
73-5=60+(13-5)=60+8=68

№4-иш

23+7=30
77+8=80+5=85

20-5=15
19+6=20+5=25

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | менен алмаштырып эсепте.<br><br>65+9+5=      36+8=2=<br><br>76+8+4=      47+6+4=<br><br>20+7+3+30=      50+9+1=40=<br><br>№6-иш<br><br>Барабардыктар туура болгондой кылып, торчолорду толукта.<br><br>12+☐=20   8+7- ☐ =14   11-☐ =5<br><br>20-12=8      15-14=1 | 66+4=70<br>83-9=70+(13-9)=70+4=74<br><br>29+0=29   0+0=0<br>17-17=0<br><br>9+9+9=27<br>8+8+8+8=32<br><br>7+7+7+7+7=35<br><br>№5-иш<br><br>65+9+5=70+9=79<br><br>76+8+4=80+4=84<br><br>20+7+3+30=50+10=60<br><br>36+8+2=36+10=46<br><br>47+6+4=47+10=57<br><br>50+9+1+40=90+10=100<br><br>№6-иш<br><br>12+8=20   8+7-1=14<br>11-6=5 | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | 20-12=8 15-1=14<br>11-5=6 | |
| Физминутка | 2мин | Экиге экини кошсо төрөт,<br>Беш эмес,алты эмес аны билүү кыйын эмес.<br>Кошуунун жадыбалын жаттайлы,<br>Жалкллоукту таштайлы. | Окуучулар физикалык минутту кайталашат. | |
| 5-этап Бышыктоо | 3мин | 1.Тамгага камтылган туюнтмаларды табууну үйрөнүштү.<br>2. Белгисиз санды табууга карата мисал, маселе иштей алышат.<br>3. Темага байланыштуу маселе иштөөнү үйрөнүштү. | Окуучулар суроолорго жооп беришет.Калган окуучулар талкуулоо менен толукташат. Бири-бирине суроо менен кайрылышат. | Калыптандыруучу баалоо |
| Жыйынтыктоо | 4мин | Бүгүнкү сабакта силерге эмнелер маанилүү болду?<br>Эмнелер түшүнүксүз болду? | Бүгүнкү сабак адаттагыдан башкача жеңил жана кызыктуу сабак болду.<br>Бардыгын түшүндүм, бирок сабактарда колдонууда кыйналам.<br>Мен үчүн бүгүнкү сабак кызыктуу болду. | Калыптандыруучу баалоо |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Баалоо | 2 мин | Окуучулар бааланат | | Жыйынтык тоочу баалоо |
| Үйгө тапшырма берүү | 1мин | Үйгө тапшырма берүү №7-8-маселени түшүндүрүп берет.<br><br>№7-иш<br>Узундугу 50мм жана 5см 2мм болгон кесиндилерди чий. Алардын бири экинчисинен канча милиметрге узун экендигин бил.<br><br>50мм<br>--------------------<br>5см 2мм<br>---------------------------<br>L=5см 2мм-50мм=52мм-50мм=2мм<br><br>№8-иш<br>Китепканада бир текчеде 32 китеп, экинчисинде 40 китеп турган. Балдарга 20 китеп беришти, Текчелерде бардыгы канча китеп калды?<br><br>1-Текч- 32 китеп Чыгаруу<br>2-Текч-40 китеп (32+40)-20=<br>Балд.-20 кит. бер. 72-20=52<br>---------------------------<br>Канча китеп калды-? Жообу: 52 к.к. | Окуучулар тапшырманы талдап, түшүнүк алышат. | |

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаары Ленин району**

**№82 жалпы билим берүү орто мектеби**

# Фантазия жана бир элес



Мугалим: Бекташова Сыргажан Акматалиевна

Сканировано с CamScanner

Көркөм өнөр сабагы

Өтүлгөн күнү: 1-ноябрь

Классы: 3-класс

Сабактын темасы: Фантазия жана бир элес

Сабактын максаты:

| Билим берүүчүлүк:<br>Окуучулар фантазия жөнүндө түшүнүк алышат. Күз жөнүндө маалыматты билишет. | Көрсөткүчтөр:<br>Окуучулар фантазия жөнүндө түшүнүк алышса. Күз жөнүндө маалыматтарды билишсе. |
|---|---|
| Өнүктүрүүчүлүк:<br>Окуучулардын ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, таанып билүүсү, элестетүүсү өнүгөт. Элестөөлөрүн жана фантазияларын кошуп гербарийден жаныбарлардын, куштардын келбетин жасоону үйрөнүшөт. | Эске тутуу жөндөмдүүлүгү, ой-жүгүртүүсү, тапкычтыгы өнүксө. Элестөөлөрү менен гербарийден жаныбарлардын жана куштардын келбетин жасай алса. |
| Тарбиялык:<br>Тазалыкка, тыкандыкка,жаратылышты сүйүүгө жана сактоого көнүгүшөт. Элестетүүсүн жана фантазиясын өз жашоосунда колдонууга тарбияланышат. | Тазалыкка, тыкандыкка, бири-бири менен ынтымактуу болууга жана фантазиясын турмушунда колдонууга тарбияланышса. |

Негизги компетенттүүлүктөр:

Маалыматтык:

Социалдык коммуникативдик:

Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү:

Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

Сабактын формасы: Жалпы, жеке, топто иштөө

Колдонулуучу ыкмалар: Түшүндүрүү, аңгемелешүү, суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк, байкоо жүргүзүү

Керектелүүчү каражаттар: Түстүү сүрөттөр, окуу китеби, дептер, альбом, ручка, көркөм каражаттар, гербарийлер

Предмет аралык байланыш: Мен жана дүйнө, адабий окуу, музыка

Сканировано с CamScanner

| Сабактын этабы | Уба-кыт | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| 1-этап<br><br>Шыктан дыруу | 3мин | Уюштуруу:<br>Азыр көркөм өнөр сабагы. Окуу куралдарыңарды камдап алалы.<br>Саламдашуу<br>**Жагымдуу маанай:**<br>Мен силерге сабагымды арнайын,<br>Анан дагы жакшы маанай каалайын.<br>Адегенде саламдашып алалы,<br>Угуп, көрүп анан оюңарды баалайын.<br>Саламатсыңарбы балдарым!<br>**Алтын эреже:**<br>•Оюбузду топтоп сабакка көңүл бурабыз.<br>•Сабакка активдүү катышабыз.<br>•Убакытты туура пайдаланабыз.<br>•Тапшырмаларды өз убагында аткарабыз.<br>•Сабак учурунда тартипти сактайбыз.<br>•Адабий тилде сүйлөйбүз.<br>Демек,балдар айтылган алтын эрежелерди сабактын аягына чейин так аткарабыз.<br><br>Балдар менин колумда тегерекчелер.<br>Сабактын жүрүшүндө берилген тапшырмаларды так аткарып, суроолорго жооп берип турсаңар, мен бул тегерекчелерди силерге берип турамын. Үч тегерекчеден көп алган окуучуга “5” деген баа, эки тегерекче алган окуучуга “4” деген баа, тегерекче албаган окуучуга баа коюлбайт. | Саламдашат.<br>Сабакка даярданат.<br>Китеп, дептер, альбом, түстүү карандаштарын, клей, кайчы,ручкаларын алышат.<br><br>Кел досторум ар убакта,<br>Ынтымакта бололу.<br>Эгер калсак таарынышып, Көздөр-көзгө тике карап,<br>Бир жылмайып коёлу.<br><br>Алтын эреже түзүшөт. | |
| 2-этап<br>Үй тапшыр масын суроо: | 5мин | 1.Натюрморт деген эмне?<br>2. Натюрморт деген сөз кайсы тилден алынган?<br>3. Натюрморт Француз тилинен которгондо эмнени билдирет? | Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет.<br>Эгер жооп туура болбой калса калган окуучулар | Калып танлыруу чу баалоо |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 4. Тематикалык натюрморт дегенди кандай түшүнөсүңөр? | тактайт, толуктайт. | |
| 3-этап Жаңы теманы түшүндүрүү: | 15 мин | -Балдар , айткылачы:<br>•Бир жылда канча мезгил бар? Аларды атагыла.<br>•Азыр кайсы мезгил?<br>•Күз мезгилине кайсы айлар кирет?<br>•Күзүндө аба ырайы кандай болот?<br>•Күз мезгилиндеги айлана-чөйрөнү сүрөттөп бергилечи.<br>Фантазия- элестетүүнүн өзгөчөлүгүн, күчтүүлүгүн билдирген эс тутум. Фантазияга-кыяданууу, чыгармачылык менен бир нерсе жасоо, ойлоп табуу, окуя жазуу. Гербарий-бул өсүмдүктүн жана жалбырактын кургатылган абалы. | Окуучулар мугалим берген суроолорго жооп беришет.<br><br>Окуучулар сабактын темасын угат, түшүнөт.<br><br>Өз оюн эркин билдиришет. | Диагностикалык баалоо |
| 4-этап<br><br>Практикалык иш: | 15 мин | Алдын-ала кургатылган дарактын жалбырактарынан, гүлдөрдөн, чөптөн жаныбарлардын, куштардын келбетин жасоого аракет кылып көрөлү. Жаныбардын келбетин жасоодо өзүңөрдүн элестөөңөрдү жана фантазияңарды пайдаланып иш аткарабыз. | Окуучулар жаңы темадагы сөздөрдүн маанисин түшүнүү менен, берилген тапшырмаларды аткарышат. | Калыптандыруучу баалоо |
| Эс алуу мүнөтү: | 2мин | **Эс алуу мүнөтүн уюштурушат.**<br>Мына-мына күз келди,<br>Жамгырларды алып келди.<br>Тып, тып, тып,тып<br>Жамгырларды алып келди. | Окуучулар эс алуу мүнөтүн кайталашат. | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Саргайды бүт бак-дарак,<br>Жерге түштү жалбырак.<br>Шур, шур, шур,шур,<br>Жерге түштү жалбырак.<br><br>Учуп кетти куштар да,<br>Алыс-алыс жактарга.<br>Чик,чик,чик,чик,<br>Алыс-алыс жактарга. | | |
| Бышыктоо: | | **Бүгүнкү сабакта эмнелерди билдик?**<br>•Фантазия деген эмне?<br>•Гербарийди кантип жасайбыз?<br>•Гербарийден жаныбардын элесин түшүрө алабызбы?<br>•Бүгүнкү сабак боюнча ой жүгүртө алабызбы? | Окуучулар берилген суроолорго жооп беришти.<br>Фантазия жөнүндө түшүнүк алдык.<br>•Гербарий эмне экенин билдик.<br>•Гербарийден жаныбардын элесин түшүрө алдык.<br>•Ой жүгүртүүбүз өнүктү | Калыптан дыруучу баалоо |
| 5-этап Жыйынтык тоо:<br><br>(Рефлек ция) | 2мин | Сабагыбыздын аягында ким сабакты кандай деңгээлде түшүнө алды көрөлү:<br>**Жашыл**: Мен бардыгын түшүндүм.<br>**Сары**: Көбүн түшүндүм, бирок суроолорум бар.<br>**Кызыл**: Түшүнбөй жатам, мага жардам керек. | Окуучулар суроолорго жооп беришет.Калган окуучуларбири-бирин менен толукташат. Бири-бирине суроо менен кайрылышат.<br>Бүгүнкү сабак адаттагыдан башкача кызыктуу сабак болду.<br>Бардыгын түшүндүм, сабактарда колдонууга аракет кылам. | Быйтык чаларды көрсөтү шөт. |
| Үйгө тапшыр ма берүү: | 1мин | Окуучу өзү сүйгөн жаныбардын келбетин жалбырактан жасоо. | Окуучулар тапшырманы талдап, түшүнүк алышат. | |
| Баалоо: | 2мин | Мугалим тегерекчелер менен баалайт. | Окуучулар бааланышты. | Жыйынт ыктоочу баалоо |

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаары Ленин району**

**№82 жалпы билим берүү орто мектеби**

# Уңгулаш сын атооч

Мугалим: Бекташова Сыргажан Акматалиевна

Сканировано с CamScanner

Кыргыз тили сабагы

Өтүлгөн күнү: 27-октябрь

Классы: 3- з класс

Сабактын темасы: Уңгулаш сын атооч

Сабактын максаты:

| | |
|---|---|
| Билим берүүчүлүк:<br>Окуучулар уңгулары окшош болгон заттын белгисин билдирген сөздөр уңгулаш сын атооч экендиги жөнүндө маалымат алышат. | Көрсөткүчтөр:<br>Окуучулар кандай сөздөр уңгулаш сын атооч болору жөнүндө билишсе. Көнүгүүлөрдү өз алдынча иштөөгө көнүгүшсө. |
| Өнүктүрүүчүлүк:<br>Окуучулар уңгулаш сын атооч сөздөрдү таап, талдай алышат. Тексттин мазмунун изилдей алышат. | Эске тутуу жөндөмдүүлүгү, ой-жүгүртүүсү, тапкычтыгы өнүксө. Сулуу, таза , элементи менен жазууга үйрөнүшсө. |
| Тарбиялык:<br>Тазалыкка, тыкандыкка, бири-бири менен көнүгүүлөрдү ынтымактуу иштөөгө тарбияланышат. | Тазалыкка, тыкандыкка, бири-бири менен ынтымактуу болууга тарбияланышса. |

Негизги компетенттүүлүктөр:

Маалыматтык:

Социалдык коммуникативдик:

Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү:

Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү сабагы

Сабактын формасы: Аңгемелешүү

Колдонулуучу ыкмалар: Түшүндүрүү, суроо-жооп, көрсөтмөлүүлүк

Керектелүүчү каражаттар: Түстүү сүрөттөр, окуу китеби, карточкалар, табышмактар


Предмет аралык байланыш: Көркөм өнөр, мекен таануу

| Сабак тын этабы | Уба кыт | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Баалоо |
|---|---|---|---|---|

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1-этап<br><br>1.Шык танды-руу | 3мин | Уюштуруу<br>Саламдашуу<br>Дайым даяр сабагым,<br>Дайым ачык кабагым.<br>Амандыкта жүргүлө,<br>Саламатсыңарбы балдарым!<br>Балдар окуу куралдарыңарды даярдадыңарбы?<br>**Жагымдуу маанай**:<br>Мен силерге сабагымды арнайын,<br>Анан дагы жакшы маанай каалайын.<br>Адегенде саламдашып алалы,<br>Угуп, көрүп анан оюңарды баалайын.<br><br>Окуу китебиңерден 27-бетти ачкыла.<br>**Алтын эреже:**<br>•Оюбузду топтоп сабакка көңүл бурабыз.<br>•Сабакка активдүү катышабыз.<br>•Убакытты туура пайдаланабыз.<br>•Тапшырмаларды өз убагында аткарабыз.<br>•Сабак учурунда тартипти сактайбыз.<br>•Адабий тилде сүйлөйбүз.<br>Ар бир окуучу өзүн-өзү светафор менен баалашат. | Саламдашат.<br>Сабакка даярданат.<br>Жагымдуу маанай түзүшөт.<br>Окуучулар экиден болуп бири-бирин карап жылмайышып жагымдуу маанай тартуулашат(комплимент айтуу керек)<br>Китеп, дептер, ручкаларын алышат.<br><br>Алтын эреже түзүшөт. | |
| 2-этап<br>Үй тапшыр масын суроо | 5мин | 1.Өтүлгөн алдынкы сабакта кайсы теманы өттүк?<br>2.Уңгулаш зат атооч-деп эмнени айтабыз?<br>2. Үй тапшырма эмне берилген?<br><br>Апелсин кандай? | Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет.<br>Уңгулаш зат атоочтун эрежесин айтып беришет.<br>5-көнүгүү<br>“Уңгулаш сөздөр” темасында сөз оюнун улантып, жазып келгендерин окуп беришет. | Диагнос тикалык баалоо |




Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Алмурут кандай?<br>Алма кандай?<br>Шабдалы кандай?Балдар жемиштерде витаминдер көп ошондуктан бул жемиштерден көп-көптон жеп ден соолукта болгула. | Эгер жооп туура болбой калса калган окуучулар тактайт, толуктайт. | |
| 3-этап Тема боюнча маалы-мат берүү | 15 мин | Балдар бул эмненин сүрөтү?<br>Туура бул өрүктүн сүрөтү.<br>Өрүк кайсы суроого жооп берет?<br>Ооба, эмне деген суроого жооп берет.<br>Өрүк кайсы сөз түркүмү?<br>Ооба, зат атооч сөз түркүмү.<br>Өрүктүн өңү кандай?<br>Ооба, өрүктүн өңү сары.<br>Өрүктүн даамы кандай?<br>Ооба, өрүктүн даамы таттуу, даамдуу.<br>Өңү дагы кандай болушу мүмкүн?<br>Сары-саргыч, сарыраак, сапсары.<br>Демек балдар бүгүнкү сабак **Уңгулаш сын атооч**.<br>Сабактын темасын, максатын айтып түшүндүрөт.<br>Көрсөткүчтөр айтылат.<br>Уңгулары окшош болгон заттын белгилерин билдирген сөздөр уңгулаш **сын атооч** деп аталат.<br>М: чоң-чоңураак, чопчоң, чоңдой, чоңу.<br><br><br>Балдар бул ким?<br>Бул акылай.<br>Акылай кандай кыз?<br>Туура, жакшы кыз.<br>Акылайдын көйнөгү кандай?<br>Ооба, Акылайдын көйнөгү ак.<br>Топусунун өңү кандай? | Окуучулар мугалим берген суроолорго жооп беришет.<br><br>Окуучулар сабактын темасын угат, түшүнөт.<br><br>Көнүгүүлөрдү иштеп жыйынтык чыгара алат.<br><br>Өз оюн эркин билдиришет. | Калыптан дыруучу баалоо |


Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ооба, топусунун өңү кызыл.<br>Кызыл деген сөзгө суроо берип көргүлөчү.<br>Кандай?<br><br><br>Демек бул сын атооч сөз түркүмү.<br>Келгиле кызыл деген сын атооч сөздүн уңгулаш сөздөрүн табалы.<br>**Кызыл-кызылыраак, кызгылт,кыпкызыл.** | | |
| 4-этап<br><br>Көнүгүү машы-гуулар | 15 мин | Мугалим окуучуларга көнүгүү иштөөдө багыт берет.<br><br>1-көнүгүү<br><br>Суроолорго жооп бергиле:<br><br>•Сын атооч деп кандай сөздөрдү айтабыз?<br><br>•Аларга кандай суроолор берилет?<br><br>•Заттын өңү- түсүн, сын-сыпатын билдирген сын атоочторду атагыла.<br><br>•Заттын даамын жана көлөмүн билдирген сөздөргө мисал келтиргиле.<br><br>•Боз, бозомук, бопбоз деген сөздөрдү кебиңерде колдоносуңарбы?<br><br>2- көнүгүү<br><br>Тексттен 3-4-5- сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. | Окуучулар жаңы темадагы сөздөрдүн маанисин түшүнүү менен, берилген тапшырма боюнча биргелешип иштешет. Аткарган иштерин түшүндүрүп беришет.<br><br>1-көнүгүү<br><br>Суроолорго жооп беришет.<br><br>•Заттын өңү түсүн, сын-сыпатын билдирген сөздөр сын атооч деп аталат.<br><br>•Кандай деген суроо берилет.<br><br>•Кандай?<br>ак,кызыл,жашыл, сары, көк, кара, күрөң ж.б.<br><br>•Таттуу, ширин, кычкыл, | Калыптан дыруучу баалоо |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3-көнүгүү<br><br>Бул сөздөр уңгулаш сын атооч сөздөрбү?<br><br><br><br>4-көнүгүү<br><br><br><br>Ак-ыш(-ыш сөз өзгөртүүчү мүчө).<br><br>Агыш-уңгусу-ак, мүчөсү-ыш.<br><br>Эмне үчүн сөз өзгөртүүчү мүчө?<br><br>Туура-ыш мүчөсү сөздүн формасын өзгөртө алды.<br><br>Эс-түү(- түү сөз жасоочу мүчө).<br><br>Эстүү-уңгусу эс, мүчөсү-түү, бул луу мүчөсүнүн өзгөргөн түрү. Эс деген сөздөн эстүү деген сөз жасады.<br><br>**Келгиле балдар макалдарды** | ачуу.<br><br>Чоң, кичине, узун, кыска<br><br>•Боз кийим, бозомук шым, болбоз тумак.<br><br>2- көнүгүү<br><br>Тексттен 3-4-5- сүйлөмдү көчүрүп жазышат.<br><br>Адегенде “апа”деп тилиң чыгып, эң алгачкы сөздү энеңден үйрөнөсүң. Эне тили эне сүтү менен кошо каныңа сиңген. Эне тилди жакшы билгениң- энеңди жана элиңди сыйлагандык.<br><br>Жакшы-жакшыраак, жакшынакай<br><br>3-көнүгүү<br><br>Бул сөздөр уңгулаш сын атооч сөздөрбү? Аныкташат.<br><br>Ой- ойноок, оюнкараак.<br><br>Кыз-кызыл-кызылыраак.<br><br>4-көнүгүү<br><br>Акылайдын көйнөгү агыш.<br><br>Актан эстүү бала. | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **окуп талдоо жүргүзөлү.**<br>•Көккө айга жеткирет, өнөр жеткирет акыл.<br>•Акылдуунун да сөзү өзү өлсө өлбөйт.<br><br><br><br> | •Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.<br>•Акылдуунун өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. | |
| Физ минутка | 2мин | **Колдорубуз беш бармак,<br>Максатыбыз беш алмак!<br>Биз экини албайбыз!<br>Сабактан эч калбайбыз!** | Окуучулар физикалык минутту кайталашат. | |
| Бышык-тоо | | •Балдар, бүгүн сабактан эмнени үйрөндүңөр?<br>•Силер үчүн бүгүнкү сабактын кайсы жери кызыктуу болду?<br>•Силер үчүн берилген | Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет. | Калыптан дыруучу баалоо |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | тапшырмалардын кайсынысы оор болду?<br>Кана балдар алмага класстер түзүп көрөлүчү.<br>**Алма-таттуу, кызыл, тоголок, ширелүү, жумшак, даамдуу, кычкыл.** | | |
| 5-этап Жыйынтыктоо<br><br>(Рефлекция) | 2мин | **Бүгүнкү сабакта эмнелерди билдик?**<br>•Уңгулаш сын атоочтор жөнүндө:<br>•Эрежеге таянып, тапшырмаларды аткардык:<br>•Макалдарды, табышмактарды талдадык жана таптык:<br><br>Сабагыбыздын аягында ким сабакты кандай деңгээлде түшүнө алды көрөлү:<br>**Жашыл**: Мен бардыгын түшүндүм.<br>**Сары**: Көбүн түшүндүм, бирок суроолорум бар.<br>**Кызыл**: Түшүнбөй жатам, мага жардам керек. | Окуучулар суроолорго жооп беришет.Калган окуучулар талкуулоо менен толукташат. Бирибирине суроо менен кайрылышат.<br>Бүгүнкү сабак адаттагыдан башкача кызыктуу сабак болду. Бардыгын түшүндүм, сабактарда колдонууга аракет кылам. | Жыйынтыктоочу баалоо. Быйтыкчаларды көрсөтүшөт |
| Үйгө тапшырма берүү | 1мин | 5-көнүгүү<br>Текст түзүү:<br>"Эне тили", "Ата Журт" деген темада уңгулаш сын атоочторду катыштырып текст түзгүлө. | Окуучулар тапшырманы талдап, түшүнүк алышат. | |
| Баалоо | 2мин | Бирин-бири баалоо. | Бирин-бири баалашат. | Жыйынтыктоочу баалоо |

Сканировано с CamScanner